| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

# Т О К Т О М

17.04.2026-жыл № 16-1 Араван айылы

## С.Юсупова айыл аймагында 2026-жылдын жазгы талаачылык иштеринин жүрүшү жана күздүк дан эгиндерин коромжусуз оруп, жыйноо иштерине даярдык көрүү жөнүндө.

Күн тартибиндеги С.Юсупова айыл аймагында 2026-жылдын жазгы талаачылык иштеринин жүрүшү жана күздүк дан эгиндерин коромжусуз оруп, жыйноо иштерине даярдык көрүү жөнүндөгү маселе боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Б.Шайымкуловдун маалыматын угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагында 2026-жылдын жазгы талаачылык иштеринин жүрүшү жана күздүк дан эгиндерин коромжусуз оруп, жыйноо иштерине даярдык көрүү жөнүндөгү башкы адиси Б.Шайымкуловдун маалыматы эске алынсын.
2. С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагындагы дыйкан фермер чарбаларды сапаттуу үрөн, минералдык жер семирткичтер жана күйүүчү, майлоочу материалдар менен камсыз болушун, менчигинин түрүнө карабастан айыл чарба техникаларын жазгы талаа иштерине даярдоону уюштуруп, арык-каналдарды атайын техникалардын жардамы менен тазалоо, СПАлар тарабынан элди уюштуруп, элдин күчү менен ички арыктарды тазалоо, ремонттоо жана талаага алып баруучу жолдорду ирээтке келтирүү иштерин талап даражасында аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. 2026-жылда айыл чарба багытында дыйкан, фермер чарбаларга айыл чарба эгиндеринен жогору түшүм алуу үчүн агротехникалык эрежелерге толук көңүл буруп, айыл чарба өсүмдүктөрүн зыянкечтерден асыроону, сугат суудан үнөмдүү пайдалануу ыкмаларын колдонууну уюштуруу жагы айыл өкмөтүнүн тийиштүү кызматкерлерине жүктөлсүн.
4. Айыл чарба эгиндеринин вегетациялык мезгилинде сугат суудан үнөмдүү пайдалануу менен, дыйкан фермер чарбаларды сугат суу менен өз убагында камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн аймагындагы “Обу-хает”, “Кара-коргон”, “Үмүт-Араван” “Тепат” СПА ларына жана айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына жүктөлсүн.
5. Айыл өкмөтүнө 2026 айыл чарба жылына карата айыл аймагында эгилген күздүк дан эгиндерин коромжусуз өз мөөнөтүндө оруп жыйноо иштерине даярдык көрүү, айыл аймагындагы дан оруучу комбайндардын санын тактоо жана толук ремонттон чыгаруу, коңшулаш райондордон келе турган жардамчы

комбайндардын механизаторлоруна жакшы шарт түзүп берүү менен бирге тез арада күздүк дан эгиндерин оруп жыйноону өз мөөнөтүндө аяктоо. Калкты азык - түлүк менен камсыздоодо 2027-жылга карата күздүк дан эгиндеринин аянтын көбөйтүү боюнча иш чараларды жүргүзүү колго алынсын.

6. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин Агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башкы адиси Б.Шайымкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-2 Араван айылы

**С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында мөөнөттүү аскерге чакырууга жана аскерге чейинкилерди каттоого алууда алып барылып жаткан иштер жөнүндө.**

Күн тартибиндеги маселе боюнча айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемированын мөөнөттүү аскерге чакырууга даярдык көрүү жана аскерге чейинкилерди каттоого алуу жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айылдык кеңешинин аймагында мөөнөттүү аскерге чакырууга даярдык көрүү жана аскерге чейинкилерди каттоого алуу жөнүндө айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемированын маалыматы эске алынсын.
2. 2026-жылдын жайкы, күзгү аскерге чакырууну жогорку денгээлде уюштуруп, Араван райондук аскердик комиссариатынын көрсөтмөлөрүнүн негизинде иш жүргүзүү менен айыл аймагында жашаган мөөнөттүү аскерге чакырылуучулардын тизмелерин тактоо, аскерге чакыруу мезгилинде аларды өз убагында келүүсүн камсыз кылуу жана алардын документтерин даярдоо айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспекторлоруна тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүндө каттоодо турган аскердик альтернативдик кызматта турган жарандарды, айыл аймагындагы коомдук иштерге жана жалпы Республикабызда белгиленген ишембиликтерге тартуу менен натыйжалуу иш аткаруусун көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспекторлоруна жана айыл башчыларына жүктөлсүн.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешинин социалдык-маданий жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо столунун инспектору С.Таштемировага жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 6-3 Араван айылы

**“Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын жекетчиси С.Нурдиновдун айыл аймагынын калкын таза ичимдик суусу менен камсыздоодо аткарып жаткан иштери жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнө караштуу “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын жетекчиси С.Нурдиновдун айыл аймагынын калкын таза суу менен камсыздоодо аткарып жаткан иштери жөнүндө маалыматын угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасы тарабынан айыл аймагынын калкын таза ичимдик суусу менен камсыз кылууда жүргүзүп жаткан иштери жөнүндөгү С.Нурдиновдун маалыматы эске алынсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен калкты таза ичимдик суусу менен камсыздоого ажыратылган **5800,0** миң сом акча каражатына “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасы калкты таза ичимдик суу менен камсыз кылууда ичимдик суусу тартыш болгон айылдарга, көчөлөргө жаңыдан жер асты суу насосторун орнотуу жана суу түтүктөрүн тартуу иштерин жүргүзүүсү тапшырылсын.
3. “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасы айыл өкмөтүнүн тургундарын таза ичимдик суу менен жүз пайыз камсыздоодо кошумча жер асты суу насосторун казуу иштери колго алынсын жана аталган иштерге 2026-жылга карата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен бөлүнгөн акча каражатын толугу менен жумшоосу айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Таза ичимдик суу сакталуучу объектилерин (бассейиндерин) айланасын атайын тосмолор менен тосуп, видео көзөмөл орнотуу жана нөмөөтчүлүк уюштурууну катуу көзөмөлгө алуу жагы “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын башчысы С.Нурдиновго жана айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына жүктөлсүн.
5. Таза ичимдик сууга болгон төлөмдөрүн өз убагында жыйноо менен, суу эсептегичтерди орнотуу иштери жүргүзүлсүн.
6. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-4 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн карoо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылынын тургуну Ташполотов Асилбек Октябрь айылындагы № 804 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 0,20 га жерин мал чарбасын өнүктүрүү максатында мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук сурап жазган арызы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Октябрь айылындагы № 804 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 0,20 га жерин мал чарбасын өнүктүрүү максатында өндүрүш багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. Октябрь айылындагы № 804 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 0,20 га жерин мал чарбасын өнүктүрүү максатында өндүрүш багытына которууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-5 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жерин Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн тургуну Ахмедов Тохиржан өнөр жай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук сурап жазган арызы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жерин өнөр жай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жерин өнөр жай багытына которууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ ЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-6 Араван айылы

**Каррак айылынын Ленин көчөсүнүн тургуну Юлдашев Махаммадрасул Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 579,88 чарчы метр тунеке кесүүчү кичи цех куруу багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызын кароо жөнүндө**

Каррак айылынын Ленин көчөсүнүн тургуну Юлдашев Махаммадрасул Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 579,88 чарчы метр тунеке кесүүчү кичи цех куруу багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, депутаттардын сунуш пикирлери эске алынып, Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоо, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган обьекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндөгү 2024-жылдын 10-майындагы №240 жобосуну жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12- беренесин жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каррак айылынын Ленин көчөсүнүн тургуну Юлдашев Махаммадрасул Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 579,88 чарчы метр тунеке кесүүчү кичи цех куруу багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Каррак айылынын Ленин көчөсүнүн тургуну Юлдашев Махаммадрасул Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан жеке менчик 579,88 чарчы метр тунеке кесүүчү кичи цех куруу багытындагы жер тилкесинин багытын соода сатык дүкөнү багытына өзгөртүп берүүгө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесин багытын өзгөртүрүп берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М У**

17.04.2026-жыл № 16- 7 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Араван -Сай жээгиндеги бузуулар негизинде соода сатык дүкөндөрү бузулуп кеткен Жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү Мамлекеттик акты бар жарандарынан түшкөн арыздарын мыйзам чегинде карап берүү боюнча жазган билдирүүсүн кароо жөнүндө**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Араван -Сай жээгиндеги бузуулар негизинде соода сатык дүкөндөрү бузулуп кеткен Жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү Мамлекеттик акты бар жарандарынан түшкөн арыздарын мыйзам чегинде карап берүү боюнча жазган билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобого” ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн Араван-Сай жээгиндеги бузуулар негизинде соода сатык дүкөндөрү соттун чечими жок бузулуп кеткен Жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү Мамлекеттик акты бар жарандарга айыл аймагындагы муниципалдык менчикте турган жер тилкелеринен ижарага берүүгө макулдук берилсин.
2. Араван-Сай жээгиндеги бузуулар негизинде соода сатык дүкөндөрү соттун чечими жок бузулуп кеткен Жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү Мамлекеттик акты бар жарандарга айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер тилкелеринен ижарага берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзамдарын жетекчиликке алып, С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан башкы архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда муниципалдык менчигиндеги жер тилкесин ижарага берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом каттalсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

# Т О К Т О М У

17.04.2026-жыл № 16- 8 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн карoo жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен ажыратылган Араван айылынын М.Закиров көчөсүнүнүн борбордук суу кампасы жайгашкан жерине инвесторлор аркылуу күн панелин орнотууга айыл өкмөтүнүн салымы үчүн 800,0 миң сом акча каражаты башка беренеге коюулуп калгандыгына байланыштуу тийиштүү беренеге жылдырып, бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 2016-жылдын 16-майындагы №59 мыйзамынын 21-бөлүмүнүн 115-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-чейрегине карата жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн өзгөрүүлөрү №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (1-тиркеме тиркелет.)
2. Айыл өкмөтүнүн финансы –экономикалык бөлүмүнө жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөр боюнча №1 тиркемеге ылайык иш алып баруусу тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8- чакырылышынын
кезектеги
16- сессиясынын № 16-8
токтомуна
**№ 1- тиркеме**

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-чейрегинде жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын чыгаша бөлүгүнүн кошумчасы төмөндөгүчө:**

| Беренелердин аталышы | **Берене** | Алымча (-) | Кошумча **(миң сом)** (+) |
|---|---|---|---|
| ТЖКЧ | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | -800,0 | - |
| | | | |
| ТЖКЧ | | | |
| | | | |
| Таза сууга акы төлөө | 2231 | - | +800,0 |
| Бардыгы: | | | +800,0 |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М У**

17.04.2026-жыл № 16- 9 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун айыл тургундарыны турак-жай менен камсыздоодо Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан муниципалдык менчикте турган 10,0 гектар жер тилкесине көп кабаттуу турак үй салуу үчүн инвесторлорду тартуу максатында жарыя берүүгө макулдук алуу боюнча билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун айыл аймагынын тургундарынан айыл өкмөтүнүнө үй курууга жер тилкесин алууга 3500 жаран арыз менен кайрылганын аларга жер тилкесин берүүдө жер тилкеси жетишсиздигин белгилеп, айыл тургундарын турак-жай менен камсыздоодо Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан муниципалдык менчикте турган 10,0 га, Октябрь жана Каррак айылдарындагы жалпы аянты 33,4 га турак жай жер тилкелерине көп кабаттуу турак үй салуу үчүн инвесторлорду тартуу максатында жарыя берүүгө макулдук сурап жазган билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 2025-жылдын 18-июлундагы № 149 Мыйзамынын 2- беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан муниципалдык менчикте турган 10,0 га, Октябрь жана Каррак айылдарындагы жалпы аянты 33,4 га турак жай жер тилкелерине айыл тургундарын турак-жай менен камсыз кылууда көп кабаттуу турак үй салуу үчүн инвесторлор арасында сынак (конкурс) жарыялоого макулдук берилсин.
2. Айыл өкмөтүнө аталган жер тилкесинин архитектуралык-пландаштыруу шарттарын (ГЗ) жана сынактын жоболорун иштеп чыгуусу тапшырылсын.
3. Ушул токтом каттоого алынып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-10 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Айыл аймагындагы калктын спортко болгон кызыгуусун арттыруу максатында райондун борборуна борбордук стадион куруу үчүн С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Араван айылынын М.Султанов көчөсүндө жайгашкан айыл өкмөтүнүн административдик имараттынын артындагы муниципалдык менчикте турган жалпы аянты 3,30 га айыл өкмөтүнүн имаратынын жер тилкеси багытындагы жер тилкесинин ичинен 2,0 га жерине борбордук стадион куруга макулдук сурап жазган айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 32, 33, 68-беренелерини жана Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамыны жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Араван айылынын М.Султанов көчөсүндө жайгашкан айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчи кте турган жалпы аянты 3,30 га айыл өкмөтүнүн имаратынын жер тилкеси багытындагы жер тилкесинин ичинен 2,0 га жерине борбордук стадион куруга макулдук берилсин.
2. Айыл өкмөтүнө аталган жер тилкесине архитектуралык-пландоо шарттарын жана долбоордук-сметалык документтерин даярдоо жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом каттоого алынып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

**Т О К Т О М**

17.04.2026-жыл № 16-11 Араван айылы

**С.Юсупова айылдык кеңешинин 2025-жылдын 19-ноябрындагы VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясында кабыл алынган №13-5 токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы Сүткор айылынын Токтогул көчөсүндө жайгашкан А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга жалпысы 3 миллион 916 миң 141 сомдук долбоор жасалгандыгы, анын 1 миллион 500 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен ажыратылсын деген жерине 1 миллион сом ажыратылсын деп өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 2016-жылдын 16-майындагы №59 мыйзамынын 21-бөлүмүнүн 115-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван райондук өнүктүрүү фондунан С.Юсупова айыл аймагындагы Сүткор айылынын Токтогул көчөсүндө жайгашкан А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын курууга 2 миллион 916 миң 141 сом акча каражаты суралсын.
2. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 1 миллион сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы болуп ажыратылышына макулдук берилсин.
3. А.Сайдахматов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу боюнча керектелүүчү акча каражатын ажыратууга Араван райондук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Ушул токтом каттоого алынып, расмий булактарда жарыяланыш жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

# Т О К Т О М

17.04.2026-жыл № 16-12 Араван айылы

## С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн кароо жөнүндө

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Октябрь айылына кошумча таза суу түтүктөрүн тартуу максатында даярдалган долбоорунун негизинде Араван райондук өнүктүрүү фондунан жалпысы 3 миллион 15 миң 150 сом акча каражатын суроо жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван райондук өнүктүрүү фондунан Октябрь айылына кошумча таза суу түтүктөрүн тартуу максатында 3 миллион 15 миң 150 сом акча каражаты суралсын.
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Октябрь айылына кошумча таза суу түтүктөрүн тартуу максатында Араван райондук өнүктүрүү фондуна керектелүүчү иш кагаздарын, долбоорлорун даярдоо жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Ушул токтом каттоого алынып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**